**Окуучулардын Эл аралык АСТРОНОМИЯЛЫК турнири жөнүндө**
**Маалымат, 2023 жыл**

**2023-жылдын 16-ноябрынан 19-ноябрына чейин Кыргызстандын мектеп окуучулары үчүн астрономия боюнча турнир Ысык-Көлдө Чолпон-Ата шаарында өтөт.**

**Окуучулардын астрономиялык турнири (АСТРОТУРНИР)** – бул, 7-11-класстардын окуучуларынын изилдөөчүлүк жана илимий проблемаларды чечүүдө, өздөрүнүн чечимдерин ынанымдуу бере алышы, илимий талкууларда – «салгылаштарда» аларды негиздеп берүүдөгү командалык таймашы.

АСТРОТУРНИРге Кыргыз Республикасынын командалары жер-жерлерде милдеттүү түрдө сынактык тандоодон өткөн, ошондой эле КМШ өлкөлөрүнөн жана чет өлкөлөрдөн чакырылган 7–11-класстын окуучулары катыша алат.

Командалар илимий дискуссияларга – «салгылаштарга» катышат, ага катыша турган командалардын саны, «салгылаштарды» өткөрүүнүн эрежеси жана ирети АСТРОТУРНИРДИН Регламенти менен аныкталат.

**АСТРОТУРНИРДЕГИ командалардын сандык курамы**: 5 адам. Команданын жекелик курамы АСТРОТУРНИРДИН башынан-аягына чейин өзгөрбөйт. Команданы капитан жетектейт. Ал АСТРОТУРНИР өткөн учурда команданын расмий өкүлү болуп саналат. Команданы бир жетекчи коштойт, ал команданын мүчөсү болуп саналбайт.

**Калыстар** Астротурнирди өткөрүү мезгилинде **Уюштуруу комитети тарабынан түзүлөт**. Калыстардын курамында иш алып барууга илимий жана окуу мекемелеринин кызматкерлери жана окутуучулары тартылат. Командалардын жетекчилери дагы калыстар тобунун курамына киргизилет.

**Тапшырмалардын топтомунун акыркы вариантын түзүү АСТРОТУРНИР башталганга чейин 1 ай калганда ишке ашырылат** жана УБИТА «Алтын түйүндүн» **rdita.kg.** расмий барагында жайгаштырылат.

Командалар илимий дискуссияларда – «салгылаштарга» катышат:
а)ТАНДОО салгылаштарында бардык командалар катышат; анын саны командалардын санына жараша болот.
б) ФИНАЛДЫК салгылашта тандоо салгылашынын жыйынтыктарынын суммасы боюнча мыкты жыйынтыктарды көрсөткөн эки, үч же төрт команда катышат.
Тандоо салгылаштарынын ар бир сериясы үчүн (биринчи салгылаш, экинчи салгылаш…) топтор боюнча командаларды бөлүштүрүү уюштуруу комитети тарабынан ишке ашырылат.
***Биринчи тандоо салгылашы көрсөтмөлүү болушу мүмкүн***. Көрсөтмөлүү салгылаш АСТРОТУРНИРДИ ачуу күнү өткөрүлөт, ага N команда катышат, эреже катары, N=3. Биринчи кезекте, бул N командаларды тандоо каалоо боюнча ишке ашырылат.

**Салгылаштар үчүн тапшырмаларды тандоо**

Башында калыстар тобу буга чейинки тандоодо баяндалган жана оппоненттелген тапшырмалардын тизмесин жарыялайт (командалардын биринчи салгылашында мындайлар болбойт). Калган тапшырмалардын ичинен салгылашка тапшырмалар тандалат. Эгер ашып калган тапшырмалар салгылашка катышкан командалардын санынан азыраак болсо, буга чейин командалар тарабынан оппоненттелген (бирок, маалым болбогон) тапшырмалар оюнга киргизүүгө мүмкүн боло тургандардын катарына кайтарылат. Калып калган тапшырманын ичинен кезеги боюнча (адегенде – жашырын, калыстарга тизме сунуштоо аркылуу, андан кийин калыстардын суроолоруна жооп берүү менен ачык эле) салгылашка катышып жаткан командалардын саны менен бирдей болгонго чейин аларды чыгарып жүрүп отурушат.

Мектеп окуучулары үчүн астрономия боюнча турнирге катышуу үчүн арыздар 2023-жылдын 5-ноябрына чейин “Алтын Түйүн” УБИТАнын rdita.at@gmail.com почтасына жөнөтүлөт.